**УДК: 37.00**

***Жусупова Д.Ы.***
*аспирант Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН “АДАБИЙ ОКУУ” САБАГЫН ЖОМОКТОРДУ ПАЙДАЛАНЫП ОКУТУУНУН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ

*Аталган жумушта изилдөөнүн предмети катары башталгыч класстардагы “Адабий окуу” сабагын жомокторду пайдаланып окутуунун артыкчылыктары, өзгөчөлүктөрү жана жомоктордун мектептеги башталгыч класс окуучуларына тийгизген таасирлери каралган. Изилдөөнүн максаты – башталгыч класстарда “Адабий окуу” сабагын жомокторду пайдаланып окутуунун өзгөчөлүгүн анализдөө, жомоктордун балдарга берген таасирин аныктоо, окуучулардын кабыл алуу жана чыгармачылык активдүүлүгүн өркүндөтүү болуп саналат. Изилдөөнүн методдору: байкоо, талдоо, суроо-жооп, эксперименталдык усулдары колдонулду. Изилдөө атайын башталгыч класстардын окуучуларын “Адабий окуу” сабагын окутуу учурундагы эксперименттердин жардамында жүргүзүлгөн. Натыйжада, башталгыч класстардын окуучуларын окутууда, тарбиялоодо жомоктордун таасирлери чоң болоору жана “Адабий окуу” сабак учурунда жомокторду пайдаланып окутуу усулунун артыкчылыгы, жомоктор аркылуу балдардын кабыл алуу жөндөмүн, чыгармачылык активдүүлүгүнүн жогорулатуу мүмкүн экендиги илимий-методикалык жактан далилденди.*

***Негизги сөздөр:*** *окутуу; башталгыч класстар; жомоктор; тарбия; билим берүү; чыгармачылык автивдүүлүк; кабыл алуу жөндөмү.*

## ПРЕИМУЩЕСТВА ИСПОЛЬЗОВАНИЯ СКАЗОК НА УРОКАХ «ЛИТЕРАТУРНОГО ЧТЕНИЯ» В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

*В данной работе предметом исследования рассматривается преимущества, особенности и влияние сказок на школьников при проведении урока «Литературное чтение» в начальных классах. использованием сказок. Цель исследования - проанализировать особенности преподавания урока «Литературное чтение» с использованием сказок в начальных классах, определить влияние сказок на детей, улучшить восприятие и творческую активность учащихся. В работе использованы методы исследования анализа, экспериментального наблюдения и опроса. Исследование проводилось с помощью текущих экспериментов при проведении урока «Литературное чтение» для учащихся специальных начальных классов. В результате научно-методически доказано, что сказки оказывают большое влияние на обучение и воспитание учащихся начальных классов, и что преимущество метода обучения с использованием сказок во время урока литературного чтения заключается в возможности повышения восприимчивости и творческой активности детей.*

***Ключевые слова:*** *обучение; начальная школа; сказки; воспитание; образование; творческая активность; восприимчивость.*

## ADVANTAGES OF TEACHING "LITERATURE READING" LESSON USING FAIRY TALES IN PRIMARY CLASSES

*In this article discusses the advantages, features and influence of fairy tales on schoolchildren during the lesson “Literary Reading” in elementary school. The purpose of the scientific work is to analyze the features of teaching the lesson “Literary Reading” using fairy tales in elementary classes, to determine the influence of fairy tales on children, to improve the perception and creative activity of pupils. The article is used scientific methods of analysis, experimental observation and survey. The research was carried out with the help of experiments during the teaching of the "Literary Reading" lesson to special elementary school students. The article used scientific methods of analysis, experimental observation and survey. The research was carried out with the help of experiments during the teaching of the "Literary Reading" lesson to special elementary school students.*

**Keywords:** *education; elementary school; fairy tales; upbringing; education; creative activity; receptivity.*

Билим берүү жараяны – бала бакчадан баштап, мектеп, атайын орто кесиптик жана жогорку окуу жайларында окутуу, тарбиялоо жараяндарын камтыган системалуу процесс

болуп эсептелет. Азыркы учурдун заманбап билим берүү мекемелеринин негизги максаттарынын бири – заманбап компетенттүү кесипкөй бүтүрүүчүлөрдү даярдоо болуп саналат. Педагогдорду даярдоого болгон учурдагы заманбап талап – бул педагогдук компетентүүлүктү калыптандырууда инновациялык-билим берүү каражатын пайдаланып, заманбап маалыматтык-технологиялык коомдогу керектүү кесипкөйлүк деңгээлин, креативдүү-жаңычыл ой жүгүртүүнү жогорулатуу.

Ал үчүн азыркы замандын талабына жараша окутуунун жаңы, инновациялык усулдарын жана технологияларын пайдаланып, техникалык камсыздалыштарды колдонуп окутуп келе жатабыз [1].

Бул усулдар жана жаңы маалымат технологиялары, акыл-эс жактан бир топ токтолуп калган өспүрүм курактагы окуучуларды жана болочок башталгыч мектеп жаш курагындагы балдардын мугалими боло турган педагогикалык адистиктердин студенттерин окутууда натыйжалуу боло тургандыгын баса белгилеп айтсак болот. Анткени мектепке чейинки жаш курактагы балдар менен башталгыч класстардын окуучуларын окутууда компьютердик технологиялардын жана инновациялык усулдардын көпчүлүгү алардын кабыл алуусуна татаал болот.

Учурда жаш балдардан баштап, бала бакчага, башталгыч мектепке барган балдардын баары телефон, смартфон, планшет сыяктуу техникаларды колдонууну тез өздөштүрүп, тез кабыл алууда. Бирок бул баланын нарк-насилди, каада-салтты, үрп-адатты үйрөнүп кетүүсүнө, берилип жаткан тарбияны туура кабыл алуусуна терс таасирин берип жатат. Ошондуктан мектепке чейинки жаштагы балдарды бала бакчаларда окутууда жана мектептерде башталгыч класстардын окуучуларын окутууда жаңы маалымат технологияларына караганда инновациялык усулдардан жана башка окутуунун усулдарын пайдалануу, балдардын келекчекте инсан катары калыптануусуна да, учурдагы таалим-тарбия, билим алуусуна да натыйжалуу болот деп эсептейбиз.

Ар бир предметти окуп үйрөнүү учурундагы билим менен чеберчиликтин айкалышы анын артыкчылыгын белгилейт. Себеби, андагы ушул белги боюнча гуманитардык сабактар менен кесипке даярдоо багытындагы сабактарынын ортосундагы орток абал орун алат [2].

Мындай усулдардын бири катары биз, изилдөөбүздүн алкагында натыйжа берген усул катары, жомокторду пайдаланып окутууну сунуштайбыз. Анткени, көркөм чыгарма бөбөктөрдү жоопкерчиликке, өз милдетин сезе билүүгө да тарбиялайт. Башкача айтканда, өзүнөн кичинекейлерге кам көрүүгө, ата-энелерин, улуу кишилерди, теңтуштарын урматтоого, сылык мамиле жасоого тарбиялайт. Албетте, бөбөктөрдү мындай сапаттарга тарбиялоо жана аны калыптандыруу оңой-олтоң иш эмес, ал тарбиячылардан, ата-энелерден системалуу тарбия ишин, узак убакытты, чыдамдуулукту талап кылат. Көркөм чыгармаларда эмгекти сүйгөн, келечекке умтулган балдардын образдары да берилет. Бул жөнүндө көрүнүктүү педагог А.С. Макаренко балдар бүгүнкү күндөн эртеңки күндүн артыкча, сонун болорун сезиши керек деген. А.Токомбаевдин «Ким болом», В.Маяковскийдин «Ким болгум келет» сыяктуу чыгармаларында келечекке умтулуу, үмүт-тилектер даана сүрөттөлгөн [3].

Ошондой эле, жомокторду пайдаланып окутуу, жомок менен тарбиялоо жолдорунун илимий-теориялык жактарын окумуштуу Рыспай Сулайманов да өзүнүн эмгегинде, учурда адабий окуу сабактарында аңгеме-жомокторду окуп үйрөнүүдө жана окуу китептерде берүүдө аларга адабий чыгарма катары гана маани берилип, анын негизинде элдик педагогикалык таалим-тарбия идеяларынын көңүлгө алынбай келиши, эне тили аркылуу балдарга улуттук педагогикалык маданиятты, анын рухий байлыктарын жеткиликтүү

сиңирүү технологияларынын солгун болуп жатышы тууралы маселерди көтөрүп, чагылдырып келет [4].

Андыктан, бала бакчадан калыптанган элестетүү, салыштыруу жана тарбиялык маанилерди кабыл ала билүү жөндөмдөрү башталгыч класстардын окуучуларында өрчүп-өнүгүп чыгармачылык активдүүлүк, таалим-тарбиялык таасирлерге жана ата-эне, бир тууган, эли-жерге болгон сылык мамилелердин калыптанышына алып келет. Башталгыч класстарда сүрөттүү жомоктор, элдик жомоктор, жөө жомоктортордон үзүндү сыяктуу фрагменттер окутулуусу керек.

Изилдөө эксперманталдык усулдун жардамында Ош шаарындагы мектептерде жүргүзүлдү. Эксперименталдык изилдөөгө Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин Гуманитардык-педагогикалык факультетинин Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн усулу адистигинде окуган студенттердин шаардык мектептерге практикага чыккан учурунда окуткан класстары катышты.

Алар өткөргөн практика мамлекеттик практика болгондуктан, кадимки мектеп мугалимдериндей сабактарды нормативдик базалык документтер менен иш алып барышты. Андыктан, башталгыч класстардын окуучуларынын окурмандык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн учурдагы абалын талдоодо биринчи иретте биз азыркы мектепте колдонулуучу нормативдик-укуктук документтерди: базистик окуу планын, предметтик стандарт, окуу программаларын талдоого алдык. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын негизги таянычы болгон КРнын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамында дагы башталгыч класстарда негизги калыптандыруучу көндүмдөргө окуу, эсеп, жазуу менен бирге окурмандык компетенциясы кирери белгиленген [5].

Ошондой эле, 2-3-4-класстар боюнча “Адабий окуу” сабагына бөлүнгөн сааттардын көлөмү да билим берүү стандарттары боюнча каралган [6].

Эксперименттин максаты – башталгыч класстарда адабий окуу сабагын жомокторду пайдаланып окутуунун өзгөчөлүгүн анализдөө, жомоктордун балдарга берген таасирин аныктоо, окуучулардын кабыл алуу жана чыгармачылык активдүүлүгүн өркүндөтүү болуп саналат.

Бул максатка жетүү үчүн, биздин студенттер практика учурунда изилдөөнүн төмөнкүдөй маселелерин ишке ашырышты:

- максатка ылайык студенттер практика учурунда башталгыч клаасстарга адабий окуу сабагын уюштуруу;
- окуткан класстарды атайын эксперименталдык жана текшерүүчү класстар деп бөлүштүрүп алуу;
- эксперименттин негизги тапшырмасын аткаруу менен аныктоочу этаптагы натыйжаларга таянып сабактарды өтүү;
- эксперименттен кийинки жыйынтыктоочу этапты баштапкы аныктоочу этаптын натыйжалары менен салыштыруу;
- жыйынтыктап сунуштарды берүү.

Экспериментке, жогоруда айтылгандай, Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн усулу адистигинде окуган, ПМНО-1-20 тайпасынын студенттери Камал кызы Перизат жана Айтпай кызы Гүлнара өздөрүнүн окуткан башталгыч класстардын окуучулары менен катышты. Тажрыйбалык база катары: Ош шаарындагы №18 А.Навои атындагы мектеп лицейи алынып, тажрыйба ишине жалпысынан 132 окуучу тартылды. Мында эксперименттик класстарда 72 жана текшерүүчү класстарда 60 окуучу камтылган (1-таблица).

1-таблица. Тажрыйбалык базадагы окуучулардын сандык көрсөткүчү

| **Мектептин аталышы** | **Эксперименттик класс** | | **Текшерүүчү класс** | | **Эскертүү** |
|---|---|---|---|---|---|
| Ош шаарындагы №18 А.Навои атындагы мектеп лицейи | Класс | Саны | Класс | Саны | |
| | $3^{а}$ класс | 36 | $3^{в}$ класс | 32 | |
| | $3^{б}$ класс | 36 | $3^{г}$ класс | 28 | |
| Жалпы: | | 72 | | 60 | |

Эксперименттин жүрүшү, башталгыч класстардын окуучуларынын жаш курагына ылайык жомокторду тандап алуу жана аларды пайдаланып окутуу аркылуу окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуу, жомоктордун балдарга берген таасирин аныктоо, окуучулардын кабыл алуу жөндөмдүлүгүн өркүндөтүүдө жомокторду колдонуу принциптерине жана критерийине таянылып ишке ашырылды.

Эксперимент үч этапта жүргүзүлдү. Биринчи этап практика башталганда эле, биринчи жумасында жүргүзүлүп, анда окуучуларга бала бакчада, биринчи жана экинчи класстарда, класстан сырткаркы окууларда окуган жомокторун билүү деңгээлин жана алардан калган таасирлер боюнча сурамжылоо жүргүзүлдү. Сурамжылоодо камтылган суроолор: Силер кайсы жомокторду окуп үйрөндүңөр? Окуган жомокторуңардан силерге өзгөчө кайсы каармандар таасир калтырды? Жомоктогу каармандардын кандай сапаттары жакты? Жомоктогу каармандардын кайсы сапаттары жаккан жок? Сен алардын ордунда болсоң эмне кылат элең?, ж.б.

Сурмажылоонун жүрүшүндө окуучуларга, бул учурга чейинки окуган, билген жомокторун, кайсыл жомоктон кандай таасирлерди алганын, дагы кандай жомокторду окууну каалаары жөнүндө суроо-тапшырмалар берилип, жыйынтыктары анализденди.
Натыйжада, окуучулардын көпчүлүгү окуган жомокторун жакшы түшүнө албагандыгын, каармандарды жана алардын сапаттары боюнча эстей албагандыгын билдиришти (2-3-таблицаларда). Демек, аларга жомоктор таасир бере албагандыгын айтсак болот.

2-таблица. Текшерүү класстары боюнча, пайыздык көрсөткүч менен

| **№** | **Мектептин аталышы** | **Окуучунун саны** | **Толук түшүнө алгандар, % менен** | **Жарым жартылай түшүнө алгандар, % менен** | **Такыр түшүнө албагандар, % менен** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ош шаарындагы №18 А.Навои атындагы мектеп лицейи | 60 | 27,2 | 39,5 | 33,3 |

3-таблица. Эксперименттик класстары боюнча, пайыздык көрсөткүч менен

| **№** | **Мектептин аталышы** | **Окуучунун саны** | **Толук түшүнө алгандар, % менен** | **Жарым жартылай түшүнө алгандар, % менен** | **Такыр түшүнө албагандар, % менен** |
|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Ош шаарындагы №18 А.Навои атындагы мектеп лицейи | 72 | 28 | 40 | 32 |

Жомокторду жөн эле окуу менен, жаш балдар, жомоктогу маалыматтын 30 пайызын гана кабыл ала алат, ал эми башка бир айтып берген жомоктор боюнча эстеп калуу же кабыл алуу андан да азыраак болот. Ошол эле учурда окуучулар жомокту өздөрү каарман болуп аткарган убакта 75-90 пайыз эстерине түйүп алышат жана кабыл алышат. Ошондуктан, сабак учурунда окуучуларды жомоктордун сюжеттерин сахналаштыруу, жомок каармандарын ролун аткартып көрүү аркылуу окутууну сунуштадык.

Эксперименттин экинчи этабында, мугалим, 1-таблицада көрсөтүлгөндөй тажрыйбалык базадагы окуучуларды эксперименттик класстар жана текшерүүчү класстар катары бөлүштүрүп алат жана аларга эксперменттин тапшырмаларына ылайык сабактарды өтүүнү пландаштырат.

Жомоктун даанышмандыгы жана баалуулугу анын эң негизги жалпы адамзаттык баалуулуктардын жана жалпы жашоонун маани-маңызын чагылдырып, даана ачып берип, толук сезе-билүүгө мүмкүнчүлүк бергендигинде. Башталгыч класстардын окуучулары үчүн жомок – бул жөн гана элестетүү эмес, ал өзү үчүн адамдык сезимдер дүйнөсүн, мамилелерин, эң маанилүү адеп-ахлактык категорияларды, келечекте – жашоонун маңыздык дүйнөсүн орнотууга жардам берген өзгөчө чындык. Жомок-окуучуларды кадимки жашоодон алып чыгып, күнүмдүк жана турмуштук маанилердин ортосундагы аралыкты жоюуга жардам берет [7].

Андыктан, мугалим, эксперименталдык класстардагы ар бир сабагын тематикасына жараша жомокторго бөлүштүрүп, жомоктордогу каармандарды аткаруу жөндөмүнө жараша окуучуларга бөлүштүрүп алышат. Ал эми, текшерүүчү класстарга кадимки усулда, сабактарды түшүндүрүп айтып берүү аркылуу уланта берет.

Эксперименттин, узак процессти өзүнө камтыган, үчүнчү этабында мугалим эксперименттик класстын окуучуларына жомоктогу каармандардын образдарын бөлүштүрүп берүү менен ар бир сабакты сахналаштырып өтүүнү пландаштарып ишке ашырат.

Мугалим, пайдаланылуучу жомокторду “Адабий окуу” сабагы боюнча жалпы билим берүү стандартына ылайыкташтырылып түзүлгөн календардык пландын темаларынын негизинде тандап алат [8].

Балдарды мээримдүүлүккө, ата-энесин, бир туугандарын сыйлап-урматтап сүйүүгө, жакындарына жардам берүүгө, өз учурунда жан-жаныбарлар жана жаратылыш менен достошууга үйрөтүүчү «Кемпирдин жети баласы», «Алтын куш», «Акылдуу бала», «Кумурска менен жалкоо», «Тентек пил», «Амалкер коён», «Мышык менен күчүктүн достугу» сыяктуу жомокторду окуучуларга окутуп, алардын каармандарынын образын аткарууга тандап алууну сунуштайт [9].

Мугалим, алгач окуучуларга жомокту окуп келүүнү тапшырма кылат, андан кийин кандай түшүнгөнүн сурайт. Окуган жомоктун мааниси, окуучуга таасири жөнүндө сөз кылаардан алдың эле каармандардын орду, алардын окуяга катышуусу, жомоктун ичиндеги эпизоддук окуялары боюнча түшүнүгүн анализдеп көрөт. Андан кийин сахналаштырылган сценкаларды аткартып, жомоктордун каармандарынын образдарын ачып түшүндүрүп берет.

Эксперименттин жүрүшү үчүнчү класстардын 1-2-чейрек сабагы учурунда ишке ашкандыктан, мектеп администрациясы жана окуу бөлүмү менен макулдашылып, окуу

пландары жана пайдаланылган темалары эксперименталдык класстар үчүн атайын окуу пландын темалары менен окутулган.

Экспериментти өткөрүү үчүн эксперименттик класстарга коюлган талаптар [10]:

1. экспериментти жүргүзүүдө анын максатын, формасын аныктап, аны өткөрүү үчүн колдонулуучу интерактивдүү методдордун технологиясы иликтенип чыгып, колдонулду;

2. экспериментерди өткөрүүдө коюлган талаптарды аткаруу пландалган максаттын негизинде ишке ашты. Ага үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүлүү менен андан жыйынтык чыгарылды;

3. аныктоочу эксперименттен кийин «Адабий окуу» сабагында жомокторду окутуу менен окуучулардын жоопкерчиликтүүлүк, эр жүрөктүк, тайманбастык, боорукердик, толлеранттуулук сапаттарын жогорулатуу үчүн атайын изденүүчү жана окутуучу эксперименттерди жүргүзүүдө окуучулар өздөрүнүн психологиясында канчалык деңгээлде өнүгүп жогорулагандыгына мугалимдин жардамы менен ар кандай формада байкоо, талдоо, анализ жүргүзүшүп, андан жыйынтык чыгара алышты;

4. экспериментти өткөрүү процессинде максатталган тапшырмаларды толук аткаруу жана андан жыйынтык чыгаруу, ага баа берүү талаптары жогоруда белгилеп өткөн зарыл шарттарга ылайык иш жүзүнө ашырылды.

Анын натыйжасында окуучулардын «Адабий окуу» сабагын жомокторду окуу менен түшүнүү деңгээли, таасир алуу өзгөчөлүктөрүнүн жогорулоо көрсөткүчү төмөнкүдөй болду (4-таблица). Бул анализден улам окуучулардын «Адабий окуу» сабагында жомокторду окуп, билүү аркылуу жек көрүү, коркуу, көрө албастык, кызганчаактык, менменсинүү, өзүн-өзү сүйүп, урматтоонун жоктугу, тескерисинче боорукердик, жакшы көрүү, сүйүү, сыймыктануу, уяттуулук сыяктуу сезимдердин пайда болуп, толук кандуу руханий адеп-ахлактуулукка тарбияланып компетенттүүлүктөрү калыптанып калгандыктары байкалды (4-5-6-таблицалар).

4-таблица. Текшерүү класстары боюнча, пайыздык көрсөткүч менен

| **№** | **Мектептин аталышы** | **Окуучунун саны** | **Толук түшүнө алгандар, % менен** | **Жарым жартылай түшүнө алгандар, % менен** | **Такыр түшүнө албагандар, % менен** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Ош шаарындагы №18 А.Навои атындагы мектеп лицейи | 60 | 30 | 40 | 30 |

5-таблица. Эксперименттик класстары боюнча, пайыздык көрсөткүч менен

| **№** | **Мектептин аталышы** | **Окуучунун саны** | **Толук түшүнө алганда р, % менен** | **Жарым жартыла й түшүнө алгандар, % менен** | **Такыр түшүнө албагандар, % менен** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Ош шаарындагы №18 А.Навои атындагы мектеп лицейи | 72 | 46 | 44 | 10 |

6-таблица. Жалпы катышкан окуучулардын деңгээлдеринин өзгөрүүлөрү, пайыздык көрсөткүч менен

| Деңгээлдер | Эксперименталдык класстар | | | | Текшерүүчү класстар | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Аныктоочу этап | | Жыйынтыктоочу этап | | Аныктоочу этап | | Жыйынтыктоочу этап | |
| | Окууч-н саны | % | Окууч-н саны | % | Окууч-н саны | % | Окууч-н саны | % |
| Төмөн | 21 | 32 | 9 | 12 | 20 | 33,3 | 18 | 30 |
| Орто | 30 | 40 | 32 | 44 | 24 | 40 | 24 | 40 |
| Жогору | 21 | 28 | 31 | 44 | 16 | 26,7 | 18 | 30 |

Жогорудагы эксперименталдык таблицада белгиленгендей тажрыйбанын жыйынтыгында жомокторду түшүнүү, кабыл алуу жана алардан алган таасирлерин айта билүү жөндөмдөрү деңгээлдүү өзгөрүүлөргө алып келгенин көрсөк болот. Мында жогорку деңгээл 16%, ортоңку деңгээл 4% жогорулап, төмөнкү деңгээл 20% кыскарган. Ал эми текшерүүчү класстарда олуттуу өзгөрүүлөр дале байкалбаган. 6-таблицада көрсөтүлгөн маалыматтар, эксперименттин жүрүшүндө алынган натыйжалар, практикант-студенттерибиздин сабак өтүүлөрүнөн кийинки жыйынтыктоочу этапта алынган сандык көрсөткүчтөр болуп саналат.

Мындан, биз төмөнкүдөй натыйжа-сунуштарды берсек болот:

- Мектепке чейинки жаштагы балдар үчүн жомокторду окутуу, андагы каармандардын ролдорун аткартып көрүү аркылуу түшүндүрүү усулдарын жакшыртуу;
- Башталгыч класстарда “Адабий окуу” сабагын жана класстан сырткаркы окууларды атайын жомоктор аркылуу, сахналаштыруу усулдарын колдонуу менен ишке ашырууну жолго салуу;
- Жомоктор аркылуу балдардын кабыл алуу жөндөмдүүлүгүн, чыгармачылык активдүүлүгүн, боорукердик, ата-эне, бир туугандарды, жаратылышты сүйүүчүлүк сапаттарын жогорулатууну калыптандыруу.

**Жыйынтыктар:**

1. Эксперименттин максатына ылайык, башталгыч класстарда адабий окуу сабагын жомокторду пайдаланып окутуунун өзгөчөлүгү анализделинип, жомоктордун балдарга берген таасирин аныктоо, окуучулардын кабыл алуу жана чыгармачылык активдүүлүгүн өркүндөтүү сыяктуу деңгээлдик өзгөрүүлөрү чагылдырылды;

2. Жомоктор адабий көркөм чыгарма катары эле эмес, рух дөөлөтү, улут мурасы, ар тараптуу билим алуунун, тарбия берүүнүн энциклопедиясы болгон асыл баалуулуктар катары окутуп-үйрөтүүнүн зарылдыгы белгиленди;

3. Мектеп окуучуларын жана өспүрүм жаштарды тарбиялоодо элдик жомоктор улуттук баалуулуктар, каада-салттар, үрп-адаттар, тегерегиндеги болуп өткөн окуялар, андагы элдин чыныгы жашоосундагы таалим-тарбия маселелери, нарк-дөөлөттөрү заманбап коомдогу тарбиялоонун жаңы системасы деп негиздөө менен билим берүү тармагына сунушталат;

4. Статистикалык көрсөткүчтөр көрсөтүп тургандай эле, “Адабий окуу” сабагын башталгыч класстарга жомокторду пайдалануу менен окутуу, балдардын кабыл алуу жөндөмүн, түшүнө билүү жана чыгармачылык активдүүлүгүн өркүндөтүүгө түздөн-түз таасир берет деп айтууга болору белгиленди.

**Колдонулган адабияттар тизмеси:**

1. **Имаралиев, О.Р.** Студенттерди окутууда башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу көндүмдөрүн калыптандыруу [Текст] / О.Р. Имаралиев, Ф.Абжапар к., К.Р. Абдуллаева // Вестник ОшГУ. – 2023. – No. 3. – Б. 81-90.
2. **Жусупова, Д.Ы.** Окуу жараянында студенттердин кеп маданиятын калыптандыруу [Текст] / Д. Ы. Жусупова // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУМУ, 2022. – №3. - С. 151 – 155.
3. Баланы туура тарбиялоо жолу. // [Электрондук ресурс] жеткиликтү режими: URL: https://oshakir.wordpress.com/2016/12/20/balany-tuura-tarbiyaloo-jolu/
4. **Рысбаев, С.К.** Жомок менен тарбиялоо [Текст] / С.К.Рыспаев, К.М.Кожоева // Методикалык колдонмо, башталгыч класстын мугалимдери үчүн.- Бишкек: MirAs print, 2022. – 140 б.
5. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамы. – Бишкек, 2003.
6. **Темирбаева, Г.К.** Башталгыч мектепте “Адабий окуу” сабагында окурмандык ишмердүүлүктү өнүктүрүүнүн орду жана мааниси [Текст] / Г.К.Темирбаева, Г.Э. Маатазимова // Alatoo Academic Studies. – 2023. – No. 4. – Б. 153-160.
7. **Полотбек, к. А.** Башталгыч класстарда жомоктордун үстүнөн иштөө методикасы [Текст] / А.Полотбек к., Б.К.Үкүева // Вестник ГУ. – Ош, 2021. – Б. 297-305.
8. Жалпы билим берүү стандарты.
9. **Хилал, Н.** Тарбия берүүчү ширин жомоктор [Текст] / Назлы Хилал.- Avrasya Press, 2022.- 384 б.
10. **Имаралиева, Ж.Р.** «Манас» эпосундагы улуттук баалуулуктардын тарбиялык мааниси [Текст] / Ж. Р. Имаралиева, Б. К. Үкүева // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2023. – No. 1. – Б. 42-49.

Поступила в редакцию: 04.10.2024 г.

**УДК: 37.013.811.111**

***Нуракова Ж.Ш.***
*ст. преп. Ошского государственного универ., Кыргызская Республика*
***Мукамбетова А.С.***
*д.п.н., доц. Кыргызского Нац. универ. им. Ж.Баласагына, Кыргызская Республика*

## МЕДИК СТУДЕНТТЕРДИН АНГЛИС ТИЛИНДЕГИ ЖӨНӨКӨЙ ЖАЗМА КЕПТИК КӨНДҮМДӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ ЖОЛДОРУ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети болуп ЖОЖдордо медицина багытында билим алып жаткан студенттердин англис тилинде жөнөкөй жазма кептик көндүмдөрүн калыптандыруунун формалары каралган. Изилдөөнүн максаты - медик студенттердин англис тил даярдыгына байланыштуу жөнөкөй жазма кеп көндүмдөрүн калыптандыруунун формаларын иштеп чыгуу, аларды эксперимент аркылуу тастыктоо. Жумушта англис тилиндеги жазма кептик көндүмдөрдү калыптандыруучу көнүгүүлөр кийин кыргыз тилине айкалыштырылып Кыргызстандагы медик студенттердин социалдык-кесиптик кызыкчылыгына негизделип окулбагандыктан, мындай мазмундагы иштерди эксперименттик жумуштардын курамына киргизүүдө жогорку окуу жайларында көп жыл сабак берген тажрыйбалуу окутуучу-профессорлордун пикирлерине таянгандыктары жөнүндө айтылат. Аны эксперимент өтүүчү окуу жайда иштеген окутуучулар, медик студенттердин өздөрү «жакшы сабак берет» деген мүнөздөмөлөрүнө карай тандалып алынды. Англис тилиндеги жазма кептик көндүмдөрдү туура калыптандыруу үчүн окуу материалынын бардык формалары медик студенттердин күнүмдүк турмушуна түздөн-түз байланыштуу болуп, жазма кептик тексттердин ички системасы ошол күндөлүк турмушта керектелүүчү кептик муктаждыктарды канааттандырууга негизделиши каралат.*

***Негизги сөздөр:*** *жазма кеп; социалдык-кесиптик; кептик көндүмдөр; окуу материалы; коммуникациялык байланыштар; коомдук-социалдык; социалдык топтор; интернет түйүнү.*

## СПОСОБЫ ФОРМИРОВАНИЯ НАВЫКОВ ЭЛЕМЕНТАРНОГО ПИСЬМЕННОГО АГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА У СТУДЕНТОВ-МЕДИКОВ